*https://doi.org/10.54890/1694-8882-2025-3-172*
**УДК: 61:811.11.12**

# ЛАТЫНЧА-КЫРГЫЗЧА МЕДИЦИНАЛЫК ТЕРМИНДЕРИНИН ЭКВИВАЛЕНТТҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨГҮ МАСЕЛЕГЕ КАРАТА

**А.К. Дюшекеева[1], К.Д. Добаев[2]**
[1]И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Чет тилдер жана латын тили кафедрасы
[2]Кыргыз билим берүү академиясы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Резюме.** Макалада лингвистика, термин таануу жана практикалык медицина үчүн кызыкчылык туудурган латын жана кыргыз медициналык терминдеринин эквиваленттүүлүк маселеси каралат. Медициналык терминдердин латын тилинен кыргыз тилине котормосунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү талданат жана адистештирилген түшүнүктөрдү берүү менен байланышкан татаалдыгы аныкталат. Латын медициналык терминдеринин кыргызча эквиваленттерине лексика-семантикалык жана структуралык талдоо жүргүзүлөт. Котормодо илимий тактыкты сактоо, ошондой эле кыргыз тилинин улуттук жана тилдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылчылыгына өзгөчө көңүл бурулат. Изилдөө медициналык терминдердин которулушунун негизги түрлөрүн аныктоого багытталган: түздөн-түз өздөштүрүү (insulinum - инсулин), калька (arteria pulmonalis-өпкө артериясы), гибриддик формалар (gastritis-гастрит). Терминологиялык системалардын салыштырма талдоосунун негизинде дал келүүлөрдүн негизги түрлөрү аныкталат. Кыргыз тилдүү медициналык дискурста латын терминдерин адаптациялоонун лингвистикалык аспектилерине өзгөчө көңүл бурулат. Тактап айтканда, транслитерация, транскрипция жана семантикалык калька сыяктуу процесстер каралат. Изилдөө методологиясы негизги медициналык номенклатуралардагы терминдердин (Terminologia Anatomica, Nomina Histologica) салыштырма анализин, ошондой эле эквиваленттүүлүктүн ар кандай түрлөрүнүн жыштыгын аныктоо үчүн статистикалык маалыматтарды иштеп чыгууну камтыйт. Изилдөөнүн практикалык мааниси медициналык билим берүү программаларында терминдерди бирдиктүү колдонууга; эки тилдүү сөздүктөрдү түзүүдө; клиникалык тексттерди которууда каталарды жоюуда көрүнөт. Изилдөө медициналык лингвистиканын өнүгүшүнө салым кошуп, илимдин аалаамдашуу шартында терминдик системанын динамикасын изилдөөнүн зарылдыгын көрсөтөт.

**Негизги сөздөр:** медициналык термин, латын-кыргыз эквиваленттүүлүгү, өздөштүрмөлөр, калька, салыштырма лингвистика.

# К ВОПРОСУ ОБ ЭКВИВАЛЕНТНОСТИ ЛАТИНСКО-КЫРГЫЗСКИХ МЕДИЦИНСКИХ ТЕРМИНОВ

**А.К. Дюшекеева[1], К.Д. Добаев[2]**
[1]Кыргызская государственная медицинская академия имени И.К. Ахунбаева
Кафедра иностранных и латинского языков
[2]Кыргызская академия образования
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** В статье рассматривается вопрос эквивалентности латинских и кыргызских медицинских терминов, представляющих интерес для лингвистики, терминоведения и практической медицины. Анализируются характерные черты перевода медицинских терминов с латинского языка на кыргызский язык и определяются сложности, связанные с передачей специализированных понятий. Проводится лексико-семантический и структурный анализ кыргызских эквивалентов латинских медицинских терминов. Особое внимание уделено

необходимости сохранения точности и научной достоверности при переводе, а также учёту национально-языковых особенностей кыргызского языка. Исследование направлено на определение основных типов перевода медицинских терминов: заимствование (insulinum – инсулин), калька (arteria pulmonalis – легочная артерия), гибридные формы (gastritis – гастрит). На основе сравнительного анализа терминологических систем определяются основные типы соответствий. Особое внимание уделено лингвистическим аспектам адаптации латинских терминов в кыргызскоязычном медицинском дискурсе. В частности, рассматриваются такие процессы, как транслитерация, транскрипция и семантическая калька. Методология исследования включает сравнительный анализ терминов основных медицинских номенклатур (Terminologia Anatomica, Nomina Histologica), а также обработку статистических данных для определения частотности различных типов эквивалентности. Практическое значение исследования унифицированное использование терминов в программах медицинского образования; при составлении двуязычных словарей; при исправлении ошибок при переводе клинических текстов. Исследование способствует развитию медицинской лингвистики, подчёркивая важность изучения изменений в системе терминов в условиях глобализации науки.

**Ключевые слова:** медицинский термин, латинско-кыргызская эквивалентность, заимствования, калька, сравнительная лингвистика.

## ON THE ISSUE OF LATIN-KYRGYZ MEDICAL TERMS EQUIVALENCE

**A.K. Duishekeeva[1], K.D. Dobaev[2]**

[1]Kyrgyz State Medical Academy named after I.K. Akhunbaev
Department of Foreign and Latin languages
[2]Kyrgyz academy of education
Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Summary.** The article discusses the equivalence of Latin and Kyrgyz medical terms of interest to linguistics, terminology and practical medicine. The characteristic features of the translation of medical terms from Latin into Kyrgyz are analyzed and the difficulties associated with the transfer of specialized concepts are determined. Lexical-semantic and structural analysis of Kyrgyz equivalents of Latin medical terms is carried out. Particular attention is paid to the need to maintain accuracy and scientific reliability in translation, as well as taking into account the national and linguistic characteristics of the Kyrgyz language.The study is aimed at determining the main types of translation of medical terms: borrowing (insulinum – insulin), tracing paper (arteria pulmonalis – pulmonary artery), hybrid forms (gastritis – gastritis). Based on a comparative analysis of terminological systems, the main types of correspondences are determined. Special attention is paid to the linguistic aspects of the adaptation of Latin terms in the Kyrgyz-language medical discourse. In particular, such processes as transliteration, transcription and semantic tracing paper are considered. The research methodology includes a comparative analysis of the terms of the main medical nomenclatures (Terminologia Anatomica, Nomina Histologica), as well as statistical data processing to determine the frequency of various types of equivalence. The practical significance of the study is the unified use of terms in medical education programs; when compiling bilingual dictionaries; when correcting errors in the translation of clinical texts. The research contributes to the development of medical linguistics, emphasizing the importance of studying changes in the system of terms in the context of the globalization of science.

**Key words:** medical term, Latin-Kyrgyz equivalence, borrowings, calque, comparative linguistics.

**Киришүү.** Медициналык тематикадагы текст – бул мазмуну адамдын ден соолугунун маселелерине түздөн-түз байланыштуу болгон адистештирилген медициналык басылма же жеке мүнөздөгү текст. Илимий медициналык тексттердин өзгөчөлүгү алардын медицина

жаатындагы адистерге багытталышында. Мындай тексттер атайын терминдер жана аббревиатуралар колдонулган так жана бирдиктүү илимий баяндоо стили менен мүнөздөлөт [1].

Медициналык тексттердин негизги өзгөчөлүгү адистештирилген лексиканы колдонуу болуп саналат. Котормочунун милдети – илимий терминдердин жана аныктамалардын өз эне тилинде тиешелүү аналогдору жок болсо да, маанисин туура жеткирүү.

Медициналык тексттерди которуу суроо-талапка ээ, бирок ошол эле учурда татаал маселе. Медициналык документтерди сапаттуу которуу баштапкы текстти терең түшүнүүнү жана сөздүктөр, маалымдамалар менен кылдат иштөөнү талап кылат. Терминдерди жана сөз айкаштарын туура чечмелеп, алардын чечмеленишин аныктоо үчүн медициналык котормочу предметти так түшүнүшү керек [2].

Филология илимдеринин доктору Г.А. Абрамова өз диссертациясында медициналык терминологиянын негизги изилдөөлөрүн адабий тилдин лексикасынын подсистемасы катары сүрөттөйт. Ал медициналык лексика тилдин илимий жана башка подсистемаларында колдонулган адистештирилген жана адистештирилбеген медициналык аталыштарды бириктирет жана медицинада лексиканын негизги бөлүгүн терминология түзөт деп жазат. “Медициналык терминология” түшүнүгү заманбап медицина илиминин терминдерин билдирет, ал эми “медициналык лексика” түшүнүгү илимий гана эмес, тилдин башка подсистемаларында да кызмат кылган медициналык аталыштарды бириктирет.

**Изилдөөнүн максаты.** Макаланын негизги максаты – латын жана кыргыз тилдериндеги медициналык терминдердин эквиваленттүүлүгүн изилдөө, алардын өз ара дал келиштерин жана айырмачылыктарын аныктоо.

**Материалдар жана методдор.** Изилдөөнүн материалдары: латын тилиндеги негизги медициналык терминдердин номенклатурасы (анатомиялык, гистологиялык жана клиникалык терминдер). Кыргыз тилиндеги медициналык адабияттар: медициналык окуу китептери жана окуу куралдары, медициналык сөздүктөр, латынча-орусча, латынча-англисче сөздүктөр. Макалада негизинен салыштырма методу, семантикалык жана морфологиялык анализ жүргүзүү методу колдонулду.

**Изилдөөнүн жаңылыгы.** Латынча-кыргызча медициналык терминдердин системалуу салыштырма анализ жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн талкуулоосу.** Тил илиминдеги эквиваленттүүлүк – ар түрдүү тилдердин тилдик бирдиктеринин (сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр, тексттер) ортосундагы же бир тилдин ичиндеги окшош семантикалык, функционалдык же коммуникативдик ролду аткарган шайкештик. О.С. Ахманованын “Лингвистикалык терминдер сөздүгүндө” эквиваленттүүлүктүн аныктамасы төмөндөгүдөй берилет: “Бири-бирине барабар бирдиктердин семантикалык жалпылыгы” [3].

Тил илиминде жана котормодо эквиваленттүүлүктүн негизги аткарган милдети:

- ✓ Котормонун тактыгын камсыз кылат;
- ✓ Маданияттардын ортосунда байланыш кызматын аткарат;
- ✓ Котормону изилдөөнүн теориялык негизин түзөт;
- ✓ Тил системаларынын ортосундагы айырмачылыктарды жоюуга жардам берет.

Медициналык терминология маалыматты берүүнүн тактыгы өтө маанилүү

болгон стандартташтырылган лингвистикалык системалардын бири. Эквиваленттүүлүк бул контекстте негизги ролду ойнойт, бирок ал бир катар конкреттүү өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт.

Медициналык лексика семантикалык талаанын көз карашынан алганда, көп факторлуу жана көп аспективдүү иштөө мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырган, структурасынын өзгөчө параметрлери жана касиеттери менен мүнөздөлгөн өз алдынча, автономдуу спецификалык макросистема катары көрүнөт [4].

Адам денесинин түзүлүшү жөнүндөгү түшүнүктөр миңдеген жылдар бою калыптанып келген, ошондуктан медициналык терминдер ар кандай тарыхый доорлорду чагылдырат. Байыркы Грециянын жана байыркы дүйнөнүн маданияты кийинки цивилизацияларга өзгөчө күчтүү таасир эткен жана бул медицинада өзгөчө байкалат. Европалык медицинанын тарыхы эки жарым миң жылдан ашуун убакытты камтыйт жана болжол менен ушунча жылдан бери медициналык сөздүк түзүлүп жана колдонулуп келет. Ошондуктан азыркы медициналык терминологияда грек-латын тектүү терминдер басымдуулук кылат.

Бул макалада латын медициналык терминдеринин жана алардын эквиваленттеринин кыргыз тилиндеги салыштырма анализи берилген. Изилдөөнүн жүрүшүндө ар кандай медициналык терминдер каралып, аларды которуунун негизги ыкмалары жана алардын окшоштуктары, айырмачылыктары аныкталды.

Ар бир терминологиялык системасында эне тилинин негизинде түзүлгөн терминдерди гана эмес, башка тилдерден алынган ар кандай сөздөрдү да табууга болот. Тактап айтканда, бул

грек жана латын морфемаларынан түзүлгөн терминдер. Мисалы, ар кандай оорулардын аттары түздөн-түз латын жана грек тилдеринен алынган: кариес – грек-лат. caries; диабет — грек-лат. diabetes жана анатомиялык структуралардын аталыштары (артерия — грек-лат. arteria; капсула — грек-лат. capsula).

Көптөгөн грек-латын терминдери кыскартылган түрдө алынганын баса белгилеп кетүү маанилүү. Бул, айрыкча, сезгенүүгө байланыштуу оорулардын аталыштарына тиешелүү: грек-лат. *cholecystitis* – холецистит, өт баштыкчасынын сезгениши; грек-лат. *gastritis* – гастрит, ашказандын сезгениши ж.б.

Латын терминдеринин кыргыз тилине котормолорун салыштырып талдоо алардын негизинен эквиваленттүү экенин көрсөттү. Бул контекстте котормонун негизги ыкмаларына көңүл буруу зарыл: транслитерация жана калька.

Транслитерация – бир жазуудагы белгилер башка жазуунун белгилери аркылуу берилүүчү которуу ыкмасы. Мында бир жазуу системасынын ар бир белгиси башка системанын тиешелүү белгиси менен алмаштырылат.

Калька – бул сөздөрдү жана сөз айкаштарын бир тилден экинчи тилге көчүрүү ыкмасы. Бирок, жогорудагы ыкмаларды колдонбостон кыргыз тилине которулган көптөгөн терминдер бар. Мындай учурларда кыргыз терминдери гана колдонулат. Мисалы, айрым зат атоочтор, *ala, ae f* – канат; *costa, ae, f* – кабырга; *ductus, us m* – түтүк; *processus, us m* – өсүндү; *facies, ei, f* – бет, бир нерсенин үстү; *gyrus, i, m* – буткул (мээнин), жылга; *ren, renis, m* – бөйрөк жана ошондой эле айрым сын атоочтор: *externus, a, um* – сырткы; *pterygoideus, -a, -um* – канат сымал; *gastricus, -a, -um* – ашказандын, карындын, ашказанга тиешелүү ж.б. Бул жерде А.С. Вольскаянын: “Орус тилинин синонимдеринин арасында “... тиешелүү”, “... менен байланыштуу”, “... менен байланышкан”, “…дан турат” деген тактоочу сөздөрү көп кездешет” деген оюна толугу менен кошулабыз [5].

Транслитерациянын жардамы менен кыргыз тилине которулган терминдерди эки топко бөлүүгө болот.

Биринчи топко кыргыз тилинде аналогу жок терминдер кирет: *capsula, ae, f* – капсула; *diaphragma, atis, n* – диафрагма; *nervus, i, m* – нерв; *granulum, i, n* – гранула; *pasta, ae, f* – паста ж.б.

Ал эми экинчи топко кыргыз тилинде синонимдери бар терминдер кирет: *stroma, atis, n* – строма, негиз, тирөөч, таяныч структурасы; *glomus, eris, n* – гломус, түйлөк, түрмөк; *apertura, ae, f* – апертура, тешик (денедеги тешиктер).

Кыргыз тилине транслитерация аркылуу которулган терминдердин дагы бир тобу бар. Бул терминдер сөздүн латын уңгусун сактап, бирок латын мүчөсүн жоготот, көбүнчө грек тектүү сөздөрдө кездешет: *ganglion, i, n* – ганглий, нерв түйүнү; *vitaminum, i, n* – витамин; *folliculus, i, m* – фолликул, бездик ыйлаакча, исиркектер [6].

**Изилдөөнүн жыйынтыгы.** Ар бир тилдин башка тилдердин тутумдарынан өзгөчөлөнүп турган өзүнүн терминдер системасы бар. Бирок, ар кандай тилдердин анатомиялык жана медициналык терминологиясынын негизин грек-латын терминологиясы түзгөндүктөн, бул системалар айырмачылыктарга караганда көбүрөөк окшоштуктарга ээ экендигин байкай алабыз.

**Корутунду.** Медициналык терминологиянын өнүгүшүндө латын тилинин ролу анын термин системаларына түздөн-түз таасир этүүсүндө гана эмес, ал аркылуу термин системаларына грек сөздөрү жана термин элементтерин кабыл алынышы, улуттук тилдердеги грек-латын термининоэлементтеринин негизинде түзүлгөн неолатинизмдердин – терминдердин калыптанышында.

Латын медициналык тили эл аралык тил болгондуктан, кыргыз тилинде латын тилинен алынган көп сандагы сөздөр бар. Латын тилинен алынган сөздөрдүн кыргыз тилине өтүшү бул тилдердин грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ишке ашат. Терминдерге жаңы мүчөлөр уланып, айрым учурда кабыл алынган жана кыргыз тилиндеги түшүнүктөр менен бирге синонимдик терминдер колдонулушу мүмкүн.

Учурда медициналык адистиктердеги студенттердин латын тилин үйрөнүүсү өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул алардын кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө гана өбөлгө болбостон, кыргыз жана латын тилдеринин ортосунда салыштырма анализ жүргүзүүгө уникалдуу мүмкүнчүлүк берет.

***Адабияттар***


1. *Павлова Е.В. Специфика передачи терминов различных типов при переводе с английского языка на русский. М.:СГГА; 2014; 2: 59-63.*
2. *Банман П.П., Леглер А.А., Матвеичева Т.В. Теоретические основы специального перевода: учебное пособие. Ставрополь: СКФУ; 2017. 212с.*
3. *Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. М.: Советская энциклопедия; 1966. 608 с.*
4. *Абрамова Г.А. Медицинская лексика: основные свойства и тенденции развития [диссертация]. М.: Краснодар; 2003. 312 с.*
5. *Вольская А.С. Компаративный анализ латинской анатомической терминологии и её эквивалентов в русском и немецком языках. Методические и лингвистические аспекты греко-латинской медицинской терминологии: Материалы Всероссийской научно-учебнометодической конференции. СПб.: РИЦ ПСПбГМУ; 2016.*
6. *Международная анатомическая терминология. Москва: Медицина; 2003. 424 с.*


***Авторлор жөнүндө маалымат***


**Дюшекеева Айзада Кубанычбековна** – улук окутуучу, чет тилдер жана латын тили кафедрасы, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Бишкек ш., Кыргыз Республикасы. E-mail: aduishekeeva570@gmail.com

**Добаев Кыргызбай Дуйшенбекович** – п.и.д., проф., башкы илимий кызматкер, Кыргыз билим берүү академиясы, Бишкек ш., Кыргыз Республикасы. E-mail: kdobaev@yandex.ru


***Цититалоо үчүн***


*Дюшекеева А.К., Добаев К.Д. Латынча-кыргызча медициналык терминдеринин эквиваленттүүлүгү жөнүндөгү маселеге карата. Евразиялык саламаттыкты сактоо журналы. 2025;3:172-176. https://doi.org/10.54890/1694-8882-2025-3-172*